35

1318

Молдо Кылыч


Алдамчы – 1 стр.
Коз жигит – 12 стр.
Жинди суу – 20 стр.
Буудайык – 37 стр.

Инв. 35

## Мазмуну

### Молдо Кылыч


| | бети |
|---|---|
| 1. Алдамчы | 1-12 |
| 2. Кыз-женит | 12-18 |
| 3. Жинди суу | 19-30 |
| 4. Буудайык | 31-59 |
| 5. Буудайык | 60-90 |

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 35
90 стр. 16/I 9-81
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1318
9/XI-56 г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Молдо Кылыч.

# АЛДАМЧЫ

Келип кетем Шамшы ашып,
Кезегинде Токмокко.
Кээде жолдо жолугам,
Кыйкырышкан бир топко.
Кыйкырышып чогулган
Конуп жаткан ашпоздо.

Арак, сыра, бозо ичкен,
Ылжыган мас акмакка.

Кокус түшүп кетпесин,
Жети түрлүү дозокко.
Масчылыктан барыси
Батабыз деп кызыкка,
Кумар ойноп кетишет
Арашпоздук бузукка.
Таанышканы ырдадеп,
Салып кетет азапка.
Кыйташалак дешшин,
Корсулдаган ала өпкө.
Кой сошуп эт жеген,
Денгенеге кызыккан.
Жолуушуп калыпмын
Кокусунан бир итке,
Денгенеге кошул-деп,
Калбаңыз-деп, үреттен.

Инв. № 1318. Записано в 20-х годах, по свидетельству Б. Солтоноева записано из уст самого акына в 1911 году.

Кантип карап турасың
Куру калып бул эттен.
Акчаңызды төлейтин,
Куткерем деп мекеттен.
Убадага карадым,
Жетишпестик себептен.
Акырында чиркин ай,
Салды капа куйутке.
Сен черикчи, мен тынай,
Деген сөзү эң өттү.
Жанымдагы акчаны
Этке төлеп кур кеттим.
Акча чиркин курусун,
Жолугумун илдетке.
Беш алты күн сүзөктеп,
Кангып жүрдүм элетте.
Качан болсо бачагар,
Алдамчылык тилекте.
Айын айтсам эң уят,
Өзү менен уруктан.
Конок келсе кубалай
Кондурбастан куруткен.
Тышка барса чиренет

Манапсынып ант аткан.
Алып барып Кочкорду
Алда канча жолуккан.
Жаңы уктум кабарын,
~~Катуу~~ Каттоо келип улуктан.
[redacted] Опус кылып мал-мулкун
Ажыраткан уяттан.
Андан башка иши жок.
Алып кеткен бир атын
Киши акысын кишиге
Кетирбеген жараткан.
Насилдеп алчу экен,
Токмоктогу бей сарттан.
Далай алдап ар кимди
Булун бербей боздоткон.
Беремин деген чай ичип
Бечараны сыздаткан.
~~Акырында сыздаткан.~~
Акырында жаасын
Улук берген тийктан.
Жөө калтырып бозортуп,
Ач бердей улуткан.